КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги I-сессиясынын № 4 Токтому**

**28 -ноябрь 2024-жыл Арал айылы**

**Айылдык кеңештин ички регламентин бекитүү жөнүндө**

Айылдык кеңештин ички регламенти боюнча сунуштарды карап жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Айылдык кеңештин ички регламенти төмөндөгүдөй болуп бекитилсин жана регламентке киргизилсин.

- Кезектеги сессия регламент боюнча ар бир кварталда бир жолу , кварталдын акыркы айынын акыркы жума күндөрү саат 10.00 коюлсун.
- Зарылдыгына жараша элдин суроо талабын , жеринде чечүү боюнча көчмө сессиялар өтүлсүн.
- Себепсиз 2 жолу сессияга катышпаган депутаттардын иши мандат жана этика комиссиясында каралып, эскертүү берүү менен талап коюу жагы белгиленсин.
- Сессияны өткөрүү жана сессиянын күн тартиби тууралуу бир жума мурун ватсаб группага маалымат берилсин.

2. Токтомдун аткарылышы айылдык кеңештин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги I-сессиясынын № 5 Токтому**

**28 -ноябрь** **2024-жыл** **Арал айылы**

**Каракол айыл аймагында Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынын чакыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы № 271-Жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы №199-Тескемесинин негизинде Каракол айылдык Кеңешинин кезектеги I-сессиясы **токтом кылат :**

1. Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйыны 2024-жылдын 7-декабрында саат 11.00 Арал айылынын Асылбек Медетов атындагы маданият үйүнө чакыртылсын.
2. Уюштуруу комитети бекиткен жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүк ченемине ылайык жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын катышуучуларынын жалпы саны 100 өкүл болуп белгиленсин.
3. Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү боюнча Каракол айыл аймагы 3 тиешелүү аймактарга б.а. Көпүрө-Базар, Үч-Эмчек жана Арал аймактары болуп бөлүнсүн.
4. Календардык план менен аныкталуучу мөөнөттөргө ылайык Каракол айыл аймагындагы айылдарда коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү графиги бекитилсин (График тиркелет).
5. Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынына катышуучулардын квотасы айылдарда жашаган жергиликтүү калктын жалпы санына жараша төмөндөгүдөй болуп бекитилсин. Алар:
   - Көпүрө-Базар айылынан 41 өкүл,
   - Үч-Эмчек айылынан 22 өкүл,
   - Арал айылынан 37 өкүл .

6. Коомдоштуктардын жергиликтүү жыйындарын өткөрүүгө төмөндөгү айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери жана айылдык кеңештин депутаттары

- Батырова Элмира Малабаевна,
- Тайтекеев Эрнис Рысбекович,
- Тилекова Эльвира Руслановна,
- Сулайманов Бакыт Досумбекович,
- Ибраимова Калыйпа Исмаиловна жооптуу катары дайындалсын.

7. Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынын жана жергиликтүү жарандардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы бекитилсин (Курамы тиркелет).

8. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айылдык кеңешинин жооптуу катчысына жүктөлсүн.

9. Токтомдун аткарылышы жеке өзүмдүн көзөмөлүмө коюлсун.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

Бекитилген

Айылдык Кеңештин 2024-жылдын 28-ноябрындагы кезектеги сессиясынын № 5 токтому менен бекитилген

## КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ӨТҮЛҮҮЧҮ КООМДОШТУКТАРДЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖЫЙЫНДАРЫН ӨТКӨРҮҮ ГРАФИГИ

| № | Айылдардын аталышы | Өтүлүүчү жери | Өткөрүү графиги | жооптуулар | Байланыш телефону | Өкүлчүлүктүү жыйынга катышууга коомдоштуктардын жергиликтүү жыйындарынан шайланган өкүлдөрдүн саны | Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн жалпы саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Арал айылы | А.Медетов атындагы маданият үйү | 04.12.2024 13-00 | К.Ибраимова Э.Тилекова | 0704042568 0705684904 | 37 | Баардыгы |
| 2 | Үч-Эмчек айылы | Айылдын маданият үйү | 04.12.2024 11-00 | Э.Тилекова Э.Тайтекеев | 0705684904 0706775528 | 22 | 100 өкүл |
| 3 | Көпүрө-Базар айылы | Айылдын маданият үйү | 04.12.2024 9-00 | Б.Сулайманов Э.Батырова | 0708584247 | 41 | |

**Айылдык кеңештин жооптуу катчысы** **К.Ибраимова**

Бекитилген

Айылдык Кеңештин 2024-жылдын
28-ноябрындагы кезектеги
сессиясынын № 5 токтому менен
бекитилген

**Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынын жана жергиликтүү жарандардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы**

| № | Жумушчу топтун курамына кирген айыл тургундарынын аты жөнү | Иштеген жери | Жумушчу топто ээлеген орду | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Тилекова Эльвира Руслановна | К.Нанаев атындагы Арал орто мектебинин соц.педагогу | Жумушчу топтун төрайымы | |
| 2 | Ибраимова Калыйпа Исмаиловна | Айылдык кеңештин жооптуу катчысы | Жумушчу топтун жооптуу катчысы | |
| | **МҮЧӨЛӨРҮ:** | | | |
| 1 | Баялиева Гүлмира | Аялдар Кеңешинин мүчөсү | Жумушчу топтун мүчөсү | |
| 2 | Жаманкулова Оторкүл | Аялдар Кеңешинин мүчөсү | Жумушчу топтун мүчөсү | |
| 3 | Чыналиева Сүйүмкан | 1-Элдик Курултайдын делегаты | Жумушчу топтун мүчөсү | |
| 4 | Батырова Элмира Малабаевна | Айыл башчы | Жумушчу топтун мүчөсү | |
| 5 | Рыскулова Гүлмира Саатбековна | Аскердик эсепке алуу столунун кызматкери | Жумушчу топтун мүчөсү | |
| 6 | Жумагулова Найчакүл Базарбековна | Соц. кызматкер | Жумушчу топтун мүчөсү | |
| 7 | Тайтекеев Эрнис Рысбекович | Айыл башчы | Жумушчу топтун мүчөсү | |
| 8 | Жунушов Нуржан Көкталович | Аскердик эсепке алуу | Жумушчу топтун мүчөсү | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | столунун кызматкери | | |
| 9 | Каныбекова Асель Марлисовна | Соц. кызматкер | Жумушчу топтун мүчөсү | |
| 10 | Эсенаманов Тынчтыкбек Кубанович | Уюштуруу иштери жана коомдук тартип боюнча айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адиси | Жумушчу топтун мүчөсү | |
| 11 | Жумашева Эльнура Анаркуловна | Айылдык кеңештин депутаты, Р.Айдаралиев атындагы орто мектебинин мугалими | Жумушчу топтун мүчөсү | |
| 12 | Раманкулов Эдилбек Надырбекович | Айылдык кеңештин депутаты, айылдык Жаштар комитетинин мүчөсү | Жумушчу топтун мүчөсү | |
| 13 | Кубанычбекова Бактыгуль Анарбаевна | Айылдык кеңештин депутаты, “Нур Желеси ”мектепке чейинки билим берүү ишканасынын жетекчиси | Жумушчу топтун мүчөсү | |

**Айылдык кеңештин жооптуу катчысы** **К.Ибраимова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги II-сессиясынын № 6 Токтому**

**28 -ноябрь 2024-жыл Арал айылы**

**Тармактык туруктуу комиссиялардын курамын жана төрага төрайымдарын шайлоо жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын айылдык кенешинин тармактык туруктуу комиссиялардын курамын жана төрага төрайымдарын шайлоо боюнча депутаттар тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлерди карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына төмөндөгү депутаттар шайлансын. Алар:
   - Чекиров Молдогазы Жумашович,
   - Жунушалиева Тинатин Тургунбековна,
   - Жумашева Эльнура Анарбековна,
   - Раманкулов Эдилбек Надырбекович,
   - Исмаилова Жибек Бакытовна,
   - Токушев Фарид Кубаналиевич,
   - Кубанычбекова Бактыгуль Анарбаевна.
2. Тармактык туруктуу комиссиянын 1-отурумунун чечиминин негизинде төрага болуп, депутат Токушев Фарид Кубаналиевич шайлансын.
3. Социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын курамына төмөндөгү депутаттар шайлансын. Алар:
   - Рысалиев Берик Эшенкулович,
   - Сарбагышова Гүлзат Кенжекуловна,
   - Смадиярова Гүлзат Уларбековна,
   - Иманов Маратбек Эшимканович,

- Жаналиева Гүлнара Сагынбековна.

4. Тармактык туруктуу комиссиянын 1-отурумунун чечиминин негизинде төрайым болуп, депутат Сарбагышова Гүлзат Кенжекуловна шайлансын.

5. Жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармакттык туруктуу комиссиясынын курамына төмөндөгү депутаттар шайлансын. Алар:

- Жумагулов Жолдош Асқарбекович,
- Досумбек уулу Ынтымак,
- Молдокулов Бектурсун Майрамбекович,
- Эсенбек уулу Нурлан,
- Бакытбек кызы Асель,
- Суюнтбеков Сабатар Төрөкулович,
- Жолдошов Максат Нуралиевич.

6. Тармактык туруктуу комиссиянын 1-отурумунун чечиминин негизинде төрага болуп, депутат Молдокулов Бектурсун Майрамбекович шайлансын.

7. Тармактык туруктуу комиссиялардын төрага, төрайымдарына комиссиянын 2025-жыл үчүн иш-пландарын иштеп чыгуу жагы милдеттендирилсин.

8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жооптуу катчыга жүктөлсүн.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**